# Улуттук банктын ноталары

*(2015-жылдын октябрь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан төрт аукцион өткөрүлгөн, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 13,0 пайызга төмөндөө менен 10,0 млрд сомду түзгөн.

Өткөрүлгөн аукциондордо суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү 10,4 пайызга төмөндөп, 1,4 млрд сомду түзгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына ылайык, кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуулар көлөмү, мурдагыдай эле жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталар менен берилген.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү жыл башынан бери 51,9 пайызга көбөйүү менен 2,0 млрд сомду түзгөн. 95,1 пайыз үлүшү менен коммерциялык банктар Улуттук банктын ноталарынын негизги ээлик кылуучуларынан болгон. Юридикалык жактар-резидент эместердин салыштырма салмагы 4,9 пайызды түзгөн.

Ошентип, кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуулардын орточо аукциондук көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 1,6 пайызга көбөйүү менен 1,3 млрд сомду түзгөн.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 10,0 пайызды түзгөн (+1,9 пайыздык пункт).

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




[1] Бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат, анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруксуз өлчөм болуп саналат.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.11.2014 | 37,8 | 35,0 | 92,6% | 2,8 | 7,4% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2014 | 279,0 | 273,0 | 97,8% | 6,0 | 2,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2015 | 1 328,3 | 1 276,0 | 96,1% | 3,9 | 0,3% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 48,4 | 3,6% |
| 01.02.2015 | 1 125,0 | 1 081,0 | 96,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 44,0 | 3,9% |
| 01.03.2015 | 1 472,0 | 1 368,0 | 92,9% | 104,0 | 7,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2015 | 1 576,5 | 1 136,5 | 72,1% | 440,0 | 27,9% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2015 | 811,5 | 737,0 | 90,8% | 74,5 | 9,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2015 | 427,8 | 258,0 | 60,3% | 152,0 | 35,5% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 17,8 | 4,2% |
| 01.07.2015 | 777,5 | 695,5 | 89,5% | 64,0 | 8,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 18,0 | 2,3% |
| 01.08.2015 | 1 292,9 | 1 239,0 | 95,8% | 53,3 | 4,1% | 0,0 | 0,0% | 540,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2015 | 558,0 | 518,0 | 92,8% | 0,0 | 0,00% | 40,0 | 7,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2015 | 784,0 | 711,0 | 90,7% | 73,0 | 9,3% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2015 | 2 017,2 | 1 919,0 | 95,1% | 98,2 | 4,9% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |